УДК 52

Жапаров Н.М., Джапарова С.Н.
*Түп району, Кең-Суу айылы, К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЙДЫН ЖАҢЫРЫШЫ

*Ай — Жердин жалгыз табигый жандоочусу, Жерге жакын жайгашкан асман телосу. Ар бир жылга, ар бир айга өз-өзүнчө ат берилип, ошонун негизинде кыргыздын улуттук календары жаралган. Айдын жаңырышынан арабча календарь түзүлгөн. Бул календарь менен ата-бабаларыбыз адам жашын аныктап, жыл сүрүп, ай-жылды аныктап жана орозо тутуп келишкен.*

Илгери адамдар айды, жылды, табийгаттын касиетин айдын толушу жана кемиши менен эсептеп билишкен. 1993-жылы ушул арабча ай эсебин таап алдык. Ал эсеп боюнча ай - алты ай 30унан жаңырат, алты ай 29унан жаңырып, 29унан жаңырган айларга бир күн кошулуп 30унан жаңырат экен. Ошондон баштап, т.а., 1993-2008-жылга чейин ар бир күн кайсыл айга кошуларын биле албай, ай сайын айдын эки эскисин, эки жаңысын күтүп (айдын биринчи күнү көбүнчө көрүнбөйт) он беш жыл убара болдук. Акырында 2008-жылы ноябрдын 29унда, ишемби күнү айдын Зулкужжа айына бир жаңы болуп, бир күн кошулуп, 30унан жаңырганын кечки саат $17^{\underline{30}}$ да даана көрдүк. Мына ошондон баштап бүгүнкү күнгө чейин ай сайын айдын жаңырышын көрүп, ушул эсеп туура экенин билип келатабыз. Биздин эсебибиздин туура экендигин 2011-жылы августтун 29унда дүйшөмбү күнү түнкү саат $11^{\underline{30}}$ да муфтий Чубак ажынын «Азыр Аравиядан айды көрдүк, эртең оозуңарды ачкыла, айт болот»,- деп түз эфирде сүйлөгөнү да тастыктады. Себеби ошол күнү биздин эсеп боюнча да айт болмок. Кыргыз эли орозону бир күн кем кармап калышкан. Ошондой эле 2014-жылы дагы Кыргызстанда айт биздин ай эсеп боюнча эки күнгө кечигип, 29-июнда айт күнү болуп жарыяланды (27-июнда айт болмок).

Биз бул календарды чыгаруу менен, бүткүл мусулмандар биздин эсеп менен орозо кармап, биздин эсеп менен ооз ачсын деген жокпуз. Ар бир муфтий өзүнүн мамлекетинин мусулмандары үчүн убал-сообун көтөрөт. Ошол үчүн Муфтийдин патвасына баш ийишибиз керек. Бирок биздин ай эсебибизге кызыккан жаштар көп. Ошол үчүн жаштар издеп, тактап, ай эсебин мындан ары бирөөдөн сурабай эле, ушул эсеп менен улантышат деген ойдо чыгарып отурабыз.

2015-жылдын 20-февралында айдын экиси саат $18^{\underline{35}}$ де көрүнүп, $19^{\underline{50}}$ батты. Ал эми март айынын 21инде саат $19^{\underline{15}}$ те айдын бири көрүндү.

Кыргыздар тогол күнгө эмне үчүн өтө көңүл бурган? Кыргыздардын Тогол күндөргө көңүл буруусунун бирден бир себеби Тогол күндөрү сөзсүз түрдө аба ырайы өзгөргөндүгүн билишкен. Ай менен Үркөр топ жылдызынын жакындашуусу “Тогошуусу” жерге өз таасирин тийгизген. Аба-ырайынын өзгөрүүсү адамдардын жашоо-турмушуна кандай таасир берерин баарыбыз билебиз. Албетте, көчмөн турмушта жашаган кыргыздарга да аба-ырайынын өзгөрүүсү өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ата-бабаларыбыз айдын жаңырышын карап жер иштетишкен. Мисалы, жаздын апрель айында ай толгуча жерге айдалчу өсүмдүктөрдү: сабиз, бадыраң, картошка ж.б. айдашчу. Ай толуп кеткенден кийин жакшы чыкпай калат дешчү. Жаан көп болгон жылы кылкандуу дан эгиндери Үркөр баткандан кийин себилсе, тамырынын кеч өөрчүгөндүгүнүн кесепетинен өсүмдүктөрүнүн бышып жетилүүсү кеч болуп, өз убагында бышпай, кар алдында калып калуусу мүмкүн деп билишкен. Үркөр баткандан кийин кара эгиндерди себүүнүн мөөнөтү келет. Кара эгиндерге жүгөрү, таруу, шалы, күн карама ж.б кирет. Кара эгиндер ысыкта жакшы өөрчүйт. Үркөр батканга чейин себилген кара эгиндердин түшүмү кескин азат. Себеби салкын жерде кара эгиндер өспөйт, өссө да жердин үстүнө өзөгүн чыгарып, тамыр сая албай, жердин

алдында жата берет. Качан гана жер ысыганда жердин үстүнө чыгат, бирок жердин алдында өз убагынан көп жатып калгандыгына байланыштуу өзөгү саргайып чыгат. Мындай эгиндерди “Сары киндик” болуп калды деп ата-бабаларыбыз түшүм алууну күткөн эмес. Ошондуктан жүгөрү, шалы, күн карама, таруу сыяктуу ысыкты сүйгөн өсүмдүктөрдү Үркөр топ жылдызы баткандан кийин, башкача айтканда “Кулжа” 1 тогол айы жаңыргандан кийин себишкен. Үркөр топ жылдызынын бардык эле өсүмдүктөргө тийгизген таасири өтө чоң. Үркөр баткандан кийин күндүн кескин ысый баштагандыгынан өсүмдүктөр тез жетиле баштайт. Мына ушул убакта кыргыздар бээ байлашып, бээнин сүтүн кымызын ичип ден соолуктарын чыңдоого, оорусу барлар оорусунан сакаюуга аракет жасашкан. Үркөр баткандан кийин кырк күнгө чейин же Үркөр кайра асманда пайда болгонго чейинки кымыз ууз кымыз аталып, дарылык касиети чоң болгон. Үркөр чыккандан кийин жапайы чөптөр бышып жетилүүгө баш коюшуп, өзөгүндөгү маңызы күн санап азая баштаганын да кыргыз эли байыртадан эле жакшы билген. Ошондуктан бул жылы 21-мартта ай жаңырса, 4-апрелге чейин жерге айдалчу нерселерди айдап бүтүш керек.

2015-жыл календары.

| Үчтүн айы/ Январь | | | | | | Бирдин айы/ Февраль | | | | Жалган куран/ март | | | | Чын куран/ Апрель | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| дү | | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| ше | | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| ша | | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| бе | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| жу | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | | |
| иш | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | | |
| же | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | | |
| | Робулабал 30 | | | Робуссаны 29 | | | | Жумадылула 30 | | | | Жумадылахар 29 | | | | Ражап 30 | | | |
| | Бугу/ Май | | | | | Кулжа/ Июнь | | | | Теке/ Июль | | | | | Баш оона/ Август | | | | |
| дү | | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 |
| ше | | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | |
| ша | | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| бе | | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| жу | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| иш | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| же | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| | Ражап 30 | | | Шаабан 29 | | | | Рамазан 30 | | | | Шаабал 29 | | | | Зулкагда 30 | | | |
| | Аяк оона/ Сентябрь | | | | | Тогуздун айы/ Октябрь | | | | Жетинин айы/ Ноябрь | | | | Бештин айы/ Декабрь | | | | | |
| дү | | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| ше | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| ша | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| бе | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | |
| жу | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | | |
| иш | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | | |
| же | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | | |
| | | | Зулкыжжа 29 | | | | Мукарам 30 | | | | Сапар 29 | | | | Робулабал 30 | | | | |

Кара жана ак менен белгиленгендер арабча айлардын белгилениши. Арабча айлар 30 күндөн же 29 күндөн жаңырат. Орустун айларына окшош эле он эки айдан турат. Алар төмөнкү айлар: Робулабал (30 күн), Робуссаны (29 күн), Жумадылула (30 күн), Жумадылахар (29 күн), Ражап (30 күн), Шаабан (29 күн), Рамазан (30 күн), Шаабал (29 күн), Зулкагда (30 күн), Зулкыжжа (29 күн), Мукарам (30 күн), Сапар (29 күн).

2015-2016-жылдары Зулкыжжа айы 29 күн менен жаңырса, ал эми 2017-жылы Зулкыжжа айы 30 күн болуп жаңырат да, ошондо үч ай катары менен 30 күн болуп

жаңырат. Арабча белгилөөдө үч жылда бир Зулкыжжа айы 30 күн болуп жаңырып турат. Мисалы, 2017-жылы 30 күн болсо, 2018-2019-жылдары 29 күн болуп, 2020-жылы кайра 30 күн болуп жаңырат.

Орустун айлары 30, же 31 күн менен жаңырса, бир гана февраль айы 28 менен жаңырып, 4 жылда бир жолу 29 күн менен жаңырып турат. Мисалы, 2015-жылда февраль айы 28 күндөн жаңырса, 2016-жылы февраль айы 29 күн болуп жаңырат. Андан кийинки 2017-2019-жылдары 28 күн болуп, анан 2020-жылы 29 күн болуп жаңырат.

Бул календарды колдоно билүү зарыл. Мисалы, Робуссан айы 29 күн болуп жаңырат, январь айынын тогузунда ай бүтүп, 10-январда Робуссанын бири болуп ай жаңырат. Бул күнү кечки саат арабчада «шам» убагында күн батышты карап көрсөңөр ай чыгып бир аздан кийин кайра батып кетет.

Илгерки адамдар аба-ырайынын кандай болорун аныктоо үчүн дагы айды карашкан. Эгер ай чалкалап жаңырса, ошол ай жаанчыл болот деп коюшкан, ал эми тик болсо жаан жаабайт дешкен.

2016-жыл календары

| Үчтүн айы/ Январь | | | | | | Бирдин айы/ Февраль | | | | Жалган куран/ март | | | | Чын куран/ Апрель | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| дү | | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | |
| ше | | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| ша | | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| бе | | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| жу | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| иш | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| же | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | | |
| | Робулабал 30 | | Робуссаны 29 | | | | Жумадылула 30 | | | | Жумадылахар 29 | | | | Ражап 30 | | | | |
| | Бугу/ Май | | | | | Кулжа/ Июнь | | | | Теке/ Июль | | | | | Баш оона/ Август | | | | |
| дү | | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 |
| ше | | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 |
| ша | | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 |
| бе | | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | |
| жу | | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| иш | | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| же | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| | Ражап 30 | | | Шаабан 29 | | | | Рамазан 30 | | | | Шаабал 29 | | | | Зулкагда 30 | | | |
| | Аяк оона/ Сентябрь | | | | | Тогуздун айы/ Октябрь | | | | Жетинин айы/ Ноябрь | | | | Бештин айы/ Декабрь | | | | | |
| дү | | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| ше | | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| ша | | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| бе | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| жу | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| иш | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | |
| же | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | | |
| | Зулкыжжа 29 | | | | Мукарам 30 | | | | | Сапар 29 | | | | Робулабал 30 | | | | | |

2017-жыл календары.

| Үчтүн айы/ Январь | Бирдин айы/ | Жалган куран/ март | Чын куран/ Апрель |
|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Февраль | | | | | | | | | | | | | |
| дү | | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | |
| ше | | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | |
| ша | | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| бе | | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| жу | | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| иш | | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| же | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| | Робуссаны 29 | | | | Жумадылула 30 | | | | | Жумадылахар 29 | | | | Ражап 30 | | | | | |
| | Бугу/ Май | | | | | Кулжа/ Июнь | | | | Теке/ Июль | | | | | Баш оона/ Август | | | | |
| дү | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| ше | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| ша | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| бе | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | |
| жу | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | | |
| иш | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | | |
| же | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | | |
| | Шаабан 29 | | | Рамазан 30 | | | | Шаабал 29 | | | | Зулкагда 30 | | | | | Зулкыжжа 30 | | |
| | Аяк оона/ Сентябрь | | | | | Тогуздун айы/ Октябрь | | | | Жетинин айы/ Ноябрь | | | | | Бештин айы/ Декабрь | | | | |
| дү | | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | |
| ше | | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | |
| ша | | 6 | 13 | 20 | 27 | 4 | 11 | 18 | 25 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | |
| бе | | 7 | 14 | 21 | 28 | 5 | 12 | 19 | 26 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | |
| жу | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 6 | 13 | 20 | 27 | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | |
| иш | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | 7 | 14 | 21 | 28 | 4 | 11 | 18 | 25 | 2 | 9 | 16 | 23 | 30 | |
| же | 3 | 10 | 17 | 24 | 1 | 8 | 15 | 22 | 29 | 5 | 12 | 19 | 26 | 3 | 10 | 17 | 24 | 31 | |
| | Зулкыжжа 30 | | | Мукарам 30 | | | | Сапар 29 | | | | Робулабал 30 | | | | | Робуссаны 29 | | |

Бул арабча календарь элибизге пайдасы тийип, беш парзыбыздын бири болгон орозо тутууда чоң салым кошот деп ишенем. Анткени Рамазан айында кармалуучу орозо так болот.

## Адабияттар:

1. Акматалиев Т. Кыргыз элинин улуттук календары.
2. Иманалиев Ч. Аалам жана жер. –Б., 2001.
3. Интернет сайттары.